# Мага кимдир бирөө салам айтса, анын саламына жооп кайтаруу үчүн Аллах менин жанымды кайра киргизет

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мага кимдир бирөө салам айтса, анын саламына жооп кайтаруу үчүн Аллах менин жанымды кайра киргизет".
[Иснадуху хасан (айтып өткөрүүчүлөрү жакшы)] [Абу Дауд жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага салам айткан кишиге жооп кайтаруу үчүн Аллах Таала анын рухун кайтарарын кабарлаган. Мейли ага салам айткан адам жакын болсун же алыс болсун айырмасы жок. Кабыр жашоосу кайып ааламына кирет. Анын акыйкатын бир гана Аллах билет. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee